**“Адистештирилген протездик-ортопедиялык буюмдардын тизмесин, аларды жасоого жана оңдоого кетүүчү материалдардын жана убакыттын ченемдерин бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин буйругунун долбооруна**

# НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ

## 1. Максаты жана милдеттери

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин “Кыргыз Республикасынын калкын протездик-ортопедиялык буюмдар менен камсыз кылуунун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” буйругунун ушул долбоору, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомун аткаруу максатында иштелип чыкты.

Буйруктун долбоорунун милдети протездик-ортопедиялык буюмдарды даярдоо процессин учурдун талабына ылайык адистештирилген протездик-ортопедиялык буюмдардын тизмеси, аларды жасоого жана оңдоого кетүүчү материалдардын жана убакыттын ченемдери менен камсыздоо болуп саналат.

## 2. Баяндоочу бөлүгү

“Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы майыптыгы бар адамдарга протездик-ортопедиялык тейлөөнү кепилдейт.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-февралында № 69 токтому менен “2023-2030-жылдарга Кыргыз Республикасындагы майыптыгы бар адамдар жана калктын башка аз мобилдүү топтору үчүн "Жеткиликтүү өлкө” мамлекеттик программасы бекитилген. Аталган мамлекеттик программа майыптыгы бар адамдардын жана калктын аз мобилдүү топторунун укуктарын камсыз кылууга, ошондой эле Бириккен Улутттар Уюмунун майыптардын укуктары боюнча конвенциясынын ченемдерин ишке ашырууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтому менен айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктар мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берилди.

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар

мекемесинде протездик-ортопедиялык буюмдар даярдалат. Ушул адистештирилген протездик-ортопедиялык буюмдардын тизмеси, аларды жасоого жана ондоого кетүүчү материалдардын жана убакыттын ченемдери өндүрүштүк процессти технологиялык жактан камсыздоо үчүн иштелип чыкты.

"Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык майыптыгы бар адамдарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө протездик-ортопедиялык буюмдар акысыз берилет.

Майыптык тобу болбогон, бирок дарыгердин жолдомосу бар жарандарга, ошондой эле чет мамлекеттердин жарандарына жана жарандыгы жок адамдарга протездик-ортопедиялык буюмдар акы төлөө негизинде даярдалат жана берилет.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Буйруктун ушул долбоорун кабыл алуу терс, социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин өткөрүп берилген ченем жаратуу ыйгарым укуктарын ишке ашыруу тартиби жөнүндө жобонун 12-пунктунун талаптарына ылайык буйруктун долбоору Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталынын сайтында, ошондой эле ченемдик укуктук актынын долбоору Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин веб-сайтында жарыяланат.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкештигин талдоо**

Сунушталган буйруктун долбоору колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Каржылоонун зарылдыгы жана булактары жөнүндө маалымат**

Бул буйруктун долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен финансылык чыгымдарга алып келбейт.

**7. Регулятивдик таасирди талдоо жөнүндө маалымат**

Буйруктун сунушталган долбоору регулятивдик таасир этүүгө талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт, анткени ишкердик ишти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Министр** **Р.А.Сабиров**